Созу: Э. Иманалиев
Обону: Н. Болотбеков

## Сен жанымда болгондо

Сен жанымда болгондо,
Айлангансыйм бүт дүйнөлүк борборго.
Сен жанымда жок кезде,
Бата берем оор санаа ойлорго.
Кандай болмок караанынды жоктотпой.
Сен экөөбүз бир денеде болгондо .

Айрылышпай бирибизден бирибиз,
Тең ачылып , тең жумулуп көзүбүз .
Сүйлөгөндө бирдей чыгып сөзүбүз .
Бөксөргөндө бир бөксөрүп ,
Толгон кезде бирдей толуп көөнүбүз.

Бир ооз менен суу ичип ,
Бир мурундан дем алып ,
Экөөбүздө согуп турса бир жүрөк,
Бирдей үмүт , бирдей арман, бир тилек ,
Ошондо да сени эстеп , элесиңди сагынып ….
Азап чеге берет белем ким билет?